# Депозиттер

*(2017-жылдын 9 айы үчүн)*

Өтүп жаткан жылдын биринчи тогуз айы ичинде банктык депозиттер рыногунда 10,4 пайыз өлчөмүндө өсүш катталган, ал ички рынокто иш жигердүүлүгүнүн туруктуу өсүшүнүн сакталышы жана калктын Кыргыз Республикасынын банк тутумуна карата ишениминин бара-бара жогорулашы менен шартталган.

Мында, отчеттук мезгил ичинде улуттук жана чет өлкө валюталарында кабыл алынган депозиттер боюнча пайыздык чендердин олуттуу өзгөрүүсү белгиленген эмес.

Түзүм боюнча алганда, коммерциялык банктардын депозиттик база көлөмүнүн жогорулоо мүнөзү байкалган, ал негизинен, талап боюнча төлөнүүчү депозиттердин көбөйүшү (+12,6 пайыз) жана ишканалардын эсептешүү эсептеринде акча каражаттардын калдыгынын өсүшү (+11,6 пайыз) менен келип чыккан.

Ошентип, кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата коммерциялык банктардын депозиттик база көлөмү 118,2 млрд сом өлчөмүндө түптөлгөн, бул өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө караганда 13,0 пайызга көп. Мындай өсүш калктын улуттук валютадагы аманатынын 25,2 пайызга, 61,7 млрд сомго чейин өсүшү менен байланыштуу болгон. Депозиттик базанын валюта түзүүчүсү 2,2 пайызга, 56,5 млрд сомго чейин көбөйгөн.

**1-график. Иштеп жаткан коммерциялык банктардын депозиттеринин динамикасы (бир мезгилдин акырына)**




**2-график. Аманатчылар боюнча депозиттер түзүмү**




**3-график. Иштеп жаткан коммерциялык банктар тарабынан жаңыдан кабыл алынган депозиттердин динамикасы**




Курстун өзгөрүүсүн эске албаганда, депозиттик база жыл башынан тарта 11,3 пайызга көбөйгөн. Отчеттук мезгилдин акырында долларлашуу деңгээли 47,8 пайызды (-3,3 п.п.) түзгөн.

Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде, мөөнөттүүлүк категориясы боюнча депозиттик база түзүмүндө төмөнкүдөй абал орун алган: банк кардарларынын мөөнөттүү депозиттеринде каражаттардын үлүшү 37,7 пайызга чейин (+0,4 п.п.) жана

талап боюнча төлөнүүчү депозиттердин үлүшү – 27,5 пайызга чейин (+0,5 п.п.) көбөйгөн. Коммерциялык банктардын эсептешүү эсептеринде депозиттердин үлүшү тескерисинче 34,7 пайызга чейин (-0,9 п.п.) төмөндөгөн.

Мөөнөттүүлүгү боюнча алганда, тартылып жаткан узак мөөнөттүү ресурстардын үлүшүнүн 30,1 пайызга чейин пропорционалдуу көбөйүшү менен жыл башынан тартып кыска мөөнөттүү депозиттердин үлүшүнүн (1 жылга чейин) 69,9 пайызга чейин (-4,5 п.п.) төмөндөшү катталган.

**4-график. Улуттук валютасында алынган депозиттердин түзүмү**




**5-график. Четөлкө валютасында алынган депозиттердин түзүмү**




2017-жылдын отчеттук мезгилинин акырында рыноктун концентрациялануу индекси 0,10 деңгээлинде калыптанган, бул концентрациялануунун орточо деңгээлине дал келет жана рынокто бирдей үлүшкө ээ он катышуучу катышкандыгына барабар.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде коммерциялык банктарга салынган аманаттардын көлөмүнүн өсүшү байкалган. Алсак, отчеттук мезгил үчүн жаңыдан кабыл алынган депозиттердин көлөмү[1] 2016-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу 15,0 пайызга көбөйүү менен 374,4 млрд сомду түзгөн. Буга улуттук валютада жаңыдан кабыл алынган аманаттардын көлөмүнүн 18,6 пайызга, 209,5 млрд сомго чейин, чет өлкө валютасында 10,8 пайызга, сомдук эквиваленте 164,9 млрд чейин (+18,5 пайызды) көбөйүшү себеп болгон.

Түзүм боюнча алганда, жаңыдан кабыл алынган аманаттардын көбөйүшү негизинен, мөөнөттүү депозитердин өсүшү менен камсыз болгон, алардын көлөмү мезгил ичинде 24,1 пайызга, 40,4 млрд сомго чейин көбөйгөн. Мында, алардын үлүшү талап боюнча төлөнүүчү аманаттардын үлүшүнүн пропорционалдуу кыскаруусу менен

[1] Жаңыдан кабыл алынган депозиттер көлөмүндө банктардын кардарларынын эсептешүү эсеби эске алынбайт.

(90,0 - 89,2 пайызга чейин) 10,0 пайыздан 10,8 пайызга чейин өскөн, ушуну менен бирге эле талап боюнча төлөнүүчү депозиттердин көлөмү (14,0 пайызга) 334,0 млрд сомго чейин көбөйгөн.

Ошентип, отчеттук мезгил ичинде коммерциялык банктардын депозиттер көлөмүнүн өсүшү алкагында, алар боюнча пайыздык чендер өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болгон эмес. Алсак, улуттук валютада жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 0,4 пайыздык пунктка көбөйүү менен 2,8 пайызды түзгөн. Мында, улуттук валютада мөөнөттүү депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 10,6 пайызды (-2,2 п.п.), ал эми талап боюнча төлөнүүчү депозиттер боюнча – 1,7 пайызды (+0,4 п.п.) түзгөн.

**6-график. Мөөнөттүүлүк категориялары боюнча улуттук валютадагы депозиттердин пайыздык чендеринин орточо деңгээли**




**7-график. Мөөнөттүүлүк категориялары боюнча чет өлкө валютасындагы жаңы депозиттердин пайыздык чендеринин орточо деңгээли**




Чет өлкө валютасында жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 0,7 пайызды (+0,02 п.п.) түзгөн. Мында, чет өлкө валютасындагы мөөнөттүү депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 4,3 пайызга чейин (-0,3 п.п.) төмөндөгөн, ал эми талап боюнча төлөнүүчү депозиттер боюнча 0,3 пайызды түзүү менен 0,1 п.п. жогорулаган.